**Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин «Тил илими» усулдук бирикмесинин кеңешмесинин**

**№ 2 Протоколу** **23.12 2022**

Усулдук бирикмедеги мугалимдердин саны: 15

Кеңешмеге катышканы: 11

Катышпаганы: 4

Себептүүсү: 4

Себепсизи: 0

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. 12-декабрь – Улуттук адабият күнүнө карата иш чаралардын өтүшүнө анализ.
2. Предметтик жана курсттук байланышты ишке ашыруу багытында орус тили жана адабияты кружогунун сабактарын өткөрүү жана анализ берүү.
3. Кабинеттердеги усулдук бурчтарды жаңылоо, даталуу күндөргө карата толуктоолорду киргизип туруу жөнүндө.

Угулду: Усулдук бирикменин жетекчиси А.Себетова маалымат берди.

Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чара кабыл алынып, кыргыз тили мугалимдери ачык сабак, сүрөт көргөзмөсүн, адабий кечелерди өтүштү. Орус тьили мугалими А. Себетова орус тили кружогунун окуучулары менен бирдикте “Айтматов-корифей мировой литературы” деген темада линейка өкөрдү. Назарбекова Н “Чыңгыз Айтматов кечээ, бүгүн, эртең” деген темада 5-класстарга ачык сабак, Максүтова Калбү 10-класстын окуучулары менен “Акыл ордо” таймашын өттү. Жусупова Назуура 7- класстар менен “Адабий кече” өткөрүштү. Жумалиева Базаркүл, Турганбекова Гүлжан 10-класстарга тарбиялык сабактарды өтүштү. Усулдук бирикмедеги классы бар мугалимдер сүрөт көргөзмөсүн уюштурушту.

Бул даталуу күндөргө карата иш чара кабыл алынган, мугалимдер ар кандай иш чараларды өткөрүштү. Иш чарага активдүү катышкан мугалимдер деп, Назарбекова Нургүл, Максүтова Калбү, Жусупова Назуура, Турганбекова Гүлжан эжелерди белгилеп кетсек болот.

2-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Себетова А төмөнкүлөргө токтолду.

Сканировано с CamScanner

Кружок жетекчилери Айылчиева Асел, Себетова Алтынай орто группаны, улуу группаны жетектешет. Пландары түзүлгөн. Анын негизинде иш алып барышат. Конспектилери жазылган. Даталуу күндөргө, жыл мезгилдери жана башка темалар боюнча түзулгон. Кружоктун окуучулары "Улуттук адабият күнүнө" активдүү катышышты.

3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси А. Себетова төмөнкүлөргө токтолду:

Кабинеттердеги усулдук бурчтар дайыма жаңыланып турат. Кыргыз тили кабинети заманбап техникалык каражаттар менен камсыз болду. Атап айтсак смарт телевизор, проектор коюлду. Чет тили, орус тили, кыргыз тили кабинеттерин башчылары да усулдук бурчтарды жаңылоо менен алектенип, "Мамлекеттик тил күнүнө", ошондой эле "Улуттук адабият" күнүнө карата усулдук бурчтарды уюштурушкан. Ошондой эле "Ден соолук" бурчтарын да убагында жаңы маалыматтар менен толуктап турушат.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып, кеңешме

**токтом кылат:**

1. "Улуттук адабият" күнүнө карата өтүлгөн иш чаралар "жакшы" деп белгиленсин.
2. Усулдук бирикмедеги кружок иш кагаздары толук жана иштерин дагы жакшыртуу жагы кружок жетекчилерине милдеттендирилсин.
3. Усулдук бурчтарды дайыма толуктап, жаңыртып туруусу кабинет башчыларына тапшырылсын.

Усулдук бирикменин жетекчиси: А. Себетова

Сканировано с CamScanner

Дене тарбия, көркөм өнөр, музыка, технология, АЧД сабактары боюнча түзүлгөн усулдук бирикменин кеңешмесинин

№1 протоколу

8.09. 2022-ж Кара-Ой айылы

Усулдук бирикменин мугалимдеринин саны- 10
Чогулушка катышканы -10

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Жаңы окуу жылына карата усулдук бирикменин планын талкуулоо жана бекитүү
2.Усулдук бирикменин мүчөлөрүнө иш бөлүштүрүү ж.б. уюштуруу иштери
3.Ар бир мугалимдин проблемасын аныктоо, анын үстүнөн иш алып баруусу

Угулду; Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси А.Жусуева сүйлөп төмөндөгүлөргө токтолду:

Усулдук бирикменин 2021-2022 окуу жылындагы иштерине жалпы анализ жүргүзүлүп, мүчөлөрүнө жалпы маалымат берилди. 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн усулдук бирикменин милдеттери, максаттары усулдук бирикмеде каралуучу маселелер боюнча маалыматтарды билдирип жалпы план менен тааныштырды. Усулдук кеңештин мүчөлөрү планга кошумчаларды, сунуштарды киргизишти. Өзгөчө учурдун талабына ылайык сапаттуу билим берүүгө жетишүүгө тийишпиз.

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнө иш бөлүштүрүүлөр такталды:

Кабинет башчылары:

АЧД кабинетинин башчысы – Артыкбаев.А
Технология кабинетинин башчысы –Тиленбаева.А
Спорт залынын башчысы – Абдыласов.Б
Кружок жетекчилерине:
Волейбол кружогунун жетекчиси - Э. Нурдинов.
Күрөш кружогу – Кадырбек у Урмат
болуп дайындалды, иш кагаздарын толуктоолору айтылды.

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн проблемалары аныкталып, анын үстүнөн иш алып баруулары айтылды.

Усулдук бирикменин мүчөлөрү өзүнчө ачык сабактарды өтүшүп, мугалимдердин кеңештерин угуп жана талкуулап турууну сунушташты.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап чыгып, усулдук бирикменин кеңешмеси **чечим кылат:**

1. Усулдук бирикменин планы бекитилсин. Планда көрсөтүлгөн иштерди аткаруу жагы усулдук бирикменин жетекчисине жана мүчөлөрүнө тапшырылсын.
2. Усулдук бирикменин мүчөлөрүнө бөлүштүрүлгөн иштерди жоопкерчиликтүү, так аткаруу жагы ар бир мугалимге милдеттендирилсин.
3. Ар бир мугалимдин проблемасын аныктоо, анын үстүнөн иш алып баруу ар бир мугалимге тапшырылсын.
4. Жогорудагы токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин жетекчисине милдеттендирилсин.

Усулдук бирикменин жетекчиси: А.Жусуева

Сканировано с CamScanner

Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин математика,ИЭТН усулдук бирикмесинин кеңешмесинин

№3 Протоколу

13-декабрь 2022-жыл Кара-Ой айылы

УБнин жалпы мүчөсү: 6

Катышканы: 6

Катышпаганы: жок

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Математика,ИЭТН усулдук бирикмесинин жумалыгынын өтүлүшү

Угулду: Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси билдирүү жасады.28-ноябрдан 9-декабрь аралыгында усулдук бирикменин жумалыгы өткөрүлдү.Жумалыкта бирикмедеги бардык мугалимдер жакшы даярдыктар менен ачык сабактарды өтүштү. Аканова Элита 7-б классына "Көп мүчөлөрү көбөйтүү",Саякбаева Элмира 9-а классына алгебра сабагынан "Арифметикалык прогрессиянын касиеттери", Кыдыргычова Гүлай 7-а классына геометрия сабагынан "Перпендикуляр түз сызыктар.Перпендикуляр жана жантык", Иманкулова Рыскул 5-б классына математика сабагынан "Тик бурчтуу үч бурчтук. Катет. Гипотенуза. Аянт", Тойчубаева Айзаада ИЭТН сабагынан 7-а классына "Pyhton программалоо тили", Тайчаева Салтанат ИЭТН сабагынан 5-а классына "Компьютер кайда колдонулат" деген темаларда көрсөтмөлүү ачык сабактарды өтүштү.Бардык мугалимдер техникалык каражаттарды колдонуп өтүштү.Саякбаева Элмира жаңы теманы түшүндүрүүдө телевизордон ютуб каналынан видео сабактарды көрсөтүп,теманы жакшы жеткире алды.Аканова Элита,Кыдыргычова Гүлай сабактын ар бир этабында слайддарды ,баалоонун ар кандай кызыктыруучу түрлөрүн колдонуп өтүштү.Иманкулова Рыскул видео сабактарды, слайддарды колдонуп ,окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү логикалык суроолордон берип, сабагына окуучуларды кызыктыра алды.Тойчубаева Айзаада Pyhton программалоо тилинин келип чыгуу тарыхын, программаны ишке чегеруу, программа менен иштөөнү окуучуларга көрсөтмөлүүлүк методу менен толук,жеткиликтүү түшүндүрө алды.Жыйынтыгында окуучулар компьютерде өтүлгөн программалоо тилинде программаларды түзүп,жыйынтыгын ала алышты.Тайчаева Салтанат компьютердин кайда колдонулаары,анын негизги элементтери боюнча 5-класстарга алгачкы түшүнүктөрдү слайддарды колдонуп жеткире алды, окуучулар алган билимдерин бышыктап, кластерлерди түзүштү. Бардык мугалимдер класстарды топторго бөлүп, жагымдуу маанай түзүп, топтордун ишин, жекече баалоонун окуучуларды кызыктыруучу ар түрдүү ыкмаларын колдонуп, ачык сабактарды жакшы деңгээлде өтүштү.

Усулдук бирикменин мүчөлөрү талкуулап, өтүлгөн сабактарга анализ беришип, мугалимдер техникалык каражаттар менен иштөөсүн дагы өстүрүүгө, окуучулардын компьютер менен иштөөсүн өстүрүүгө көп көңүл буруу керектигин сунушташты



Сканировано с CamScanner

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,усулдукбирикменин кеңешмеси чечим кылат:

1. Усулдук бирикменин жумалыгынын өтүлүшү жакшы деп белгиленсин.
2. Жумалыкта өтүлгөн ачык сабактардагы методикаларды бардык сабактарда колдонуу жана жайылтуу усулдук бирикменин бардык мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө усулдук бирикменин жетекчисине милдеттендирилсин

Усулдук бирикменин жетекчиси: Кыдыргычова.Г.К.



Сканировано с CamScanner